





Улуттук банктын төрөгасы Толкунбек Абдыгулов:

# “Комиссиянын кароосуна коюлган материалдар бизди жагымдуу таң калтырды”

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы «Микрокаржылоо: мүмкүнчүлүктөр жана тобокелдиктер» темасы боюнча өткөрүлгөн республикалык сынактын жыйынтыгын чыгарды. КР маалымат жана басма сөз күнүнө карата төрага Толкунбек Абдыгуловдун катышуусу менен Улуттук банкта жалпыга маалымдоо каражаттары арасында өткөн «Микрокаржылоо: мүмкүнчүлүктөр жана тобокелдиктер» темасындагы республикалык сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо салтанаты болуп өттү.***

Сынак калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу алкагында 2014-жылдын февраль айынан бери жүргүзүлүп келди. Ага жалпысынан республикадагы 30дан ашуун электрондук жана басма ЖМК авторлору катышышты. Улуттук банк башкармасынын жана негизги структуралык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнөн турган Сынактын комиссиясы 50гө жакын ишти карап чыгышты.

Салтанаттуу иш-чараны ачып жатып, Улуттук банктын төрагасы Т. Абдыгулов Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ишмердүүлүгүнө маалыматтык колдоо көргөзүп жаткандыгына, кыргызстандыктардын билим деңгээлин жогорулатуу жана сынактын темасын чагылдыруудагы активдүүлүк үчүн ЖМК өкүлдөрүнө ыраазылык билдирди. «Комиссиянын кароосуна коюлган материалдар, бизди жагымдуу таң калтырды. Журналисттер көптөгөн сапаттуу материалдарды, теле жана радио сюжеттерди чыгармачылык, тактык жана жан дили менен жараткан экен. Бүгүн биз эң мыкты иштин авторлорун куттуктап жана баалуу байгелерди, анын ичинде Улуттук банктын күмүштөн жасалган коллекциялык монеталарын тартуулоо максатында чогулдук» -деп билдирди ал.

Сынактын лауреаттары, жеңүүчүлөрдүн дипломду жана баалуу байгелердин ээси болуп төмөндөгүлөр аныкталды:

- «Мамлекеттик тилде мыкты телематериал» номинациясы - **Мээрим Баялиева**, ЭлТР телеканалы;

- «Мамлекеттик тилде мыкты радио материал» номинациясы - **Мээрим Дүйшеналиева**, «Биринчи радио» радиостанциясы;

- «Мамлекеттик тилде жалпыга маалымдоо каражаттары басма сөздөрүндө жарыяланган мыкты материал» номинациясы - **Назгуль Бостонбаева**, «Заман Кыргызстан» газетасы.

- «Расмий тилинде мыкты телематериал» номинациясы - **Асель Минбаева**, НБТ.

- «Расмий тилинде мыкты радио материал» номинациясы - **Ирина Егинбаева**, «Биринчи радио» радиостанциясы;

- «Расмий тилинде жалпыга маалымдоо каражаттарынын басма сөздөрүндө жарыяланган мыкты материал» номинациясы - **Иван Донис**, «Аргументы и факты» газетасы ;

- «Расмий тилинде Интернет басылмаларында жарыяланган мыкты материал» номинациясы - **Мунара Боромбаева**, «КирТАГ» МА.

- «Региондо жарыяланган мыкты радио материал» номинациясы - **Алтынай Рыспай кызы**, «Волна Иссык-Куля» радиостанциясы (Каракол ш.)

- «Региондо жарыяланган жалпыга маалымдоо каражаттарынын басма сөздөрүндөгү мыкты материал» номинациясы - **Клара Эсеналиева**, «Теңир Тоо» газетасы (Нарын ш).

«Мамлекеттик тилде Интернет басылмаларында жарыяланган мыкты материал» жана «Региондо жарыяланган Интернет басылмаларындагы мыкты материал» номинациялары боюнча арыздар болбогондугуна байланыштуу сынактын комиссиясы аны таанылган жок. Ал эми «Региондо жарыяланган мыкты телематериал» номинациясы боюнча келип түшкөн билдирүүлөр сынактын эрежесине туура келбегендиктен талапка жооп бербейт деп табылды.

Улуттук банктын атынан дипломдор жана баалуу белектер жарандардын экономикалык жана финансылык суроолор боюнча маалымат алуусуна кошкон салымы үчүн төмөндөгүлөргө берилди: «Биринчи радио» радиостанциясынын баяндамачысы Назира Молдокулова, «Алиби» газетасынын кабарчысы Дайырбек Мейманов, «ЭлТР» телеканалынын кабарчысы Чолпон Кармышакова, «Вечерний Бишкек» газетасынын кабарчысы Александра Василькова, «Деловой Кыргызстан» газетасынын кабарчысы Лариса Ли, «Knews» МА кабарчысы Айганыш Абдраева, «КирТАГ» МА кабарчысы Бакыт Толканов, «NextTV» (Талас.ш) кабарчысы Элмира Сүйүнтбекова, «Балыкчы FM» радиостанциясынын кабарчысы Галина Цой. Лауреаттардын айрымдарын кепке тарттык.

*Алтынай Рыспай кызы, Каракол шаарындагы «Волна Иссык-Куля» радиосунун алып баруучу:*

## “Бул сынак профессионалдык жактан өсүшүмө чоң өбөлгө болот деп эсептейм”

- Бул сынак тууралуу биздин радионун жетекчиси Лола Кулиновадан угуп, анын сунушу менен күчүмдү сынап көрүүнү чечтим. Менин утушума жетекчимдин да салымы зор болду. Мен үчүн бул сынак профессионалдык жактан өсүшүмө чоң өбөлгө болот деп эсептейм. Өзүм быйыл ЫМУнун журналистика факультетин бүтүрдүм. Улуттук банктын «Микрокаржылоо; мүмкүнчүлүктөр жана тобокелдер» деген темада өткөрүлгөн конкурсунда «Кредит алуу ыкмасы» тууралуу программа даярдап, радио аркылуу көл жергесине угуздум. Андан соң, Бишкек шаарына сынакка жөнөттүм. Комиссиянын чыгарган жыйынтыгынын негизинде «Региондо жарыяланган мыкты радио материал» номинациясы боюнча биринчи орунду жеңип алдым. Бул сынак аркылуу жеке эле баалуу байгелерди албастан, баардык облус журналисттеринин башы биригип, алакада болуп калдык. Андан тышкары бул программа аркылуу элдин билип-билбеген суроолоруна жооп берип, түшүндүрүү иштерин жүргүздүк деп ойлойм. Мындай конкурстар жаш журналисттердин ишине стимул берет деген ишеничтемин. Менин аталган берүүмдүн максаты калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган. Элдин социалдык сурамжылоосунун жыйынтыгына таянып, мисал катарында жашоодо болуп жаткан окуялардан алып, насыя алууда ийгилигин да, туура эмес багытка пайдаланса кайтарып бере албай калган учурларды да чагылдыргам. Андан тышкары юристтин оюн, банктын тажрыйбалуу адистеринен насыянын жол жоболорун, илгерки насыя алуу менен бүгүнкү насыя алуу ыкмаларын чагылдырдым. Менин программам аркылуу элдер өздөрүнө туура багытка тыянак чыгарды деп ойлойм.

Мына ушундай сынактарды жыл сайын уюштуруп, журналисттерге көңүл бөлүп келген Улуттук банктын жамаатына жана анын жетекчиси Толкунбек Абдыгуловго чоң ыраазычылык билдирем.

*Назгул Бостонбаева, “Заман Кыргызстан” гезитинин кабарчысы:*

## “Кур дегенде бир насыякеч акыл калчап, иш кылса, ошол чыныгы ийгилик”

- Бүгүнкү күндө Кыргызстанда карапайым калктын бир топ бөлүгү кредит менен күн кечирип келатат. Тилекке каршы көпчүлүгүнүн кредитти кантип максаттуу иштетүү, убагында төлөө тууралуу финансылык сабаты жетишсиз. Улуттук банктын мына ушул багытта жалпыга маалымдоо каражаттары арасында жүргүзүп жаткан иштери мактоого арзырлык. Мен журналистика айдыңында дал ушул кредит маселесин козгоп, анын пайда-зыянын элдин аң-сезимине жеткирүүгө аракеттенип жүрөм. Менин эмгегимди баалап, колдоо көрсөткөн Улуттук банктын жетекчилигине ыраазычылык билдирем. Ал эми макаланы окугандан кийин кур дегенде бир насыякеч акыл калчап иш кылса, ошол чыныгы ийгилик.

**Дайырбек МЕЙМАНОВ**